**С.Исмаилов атындагы орто мектебинин окутуу жана тарбиялоо иштери боюнча директордун орун басары Ф.Калчаеванын кызматтык милдеттери**

- Карамагына берилген мектептин баскычында педагогикалык жамаатынын ишкердүүлүгүн уюштурат жана көзөмөлдөйт.
- Мектептин өнүгүшүнүн негизги багыттарын педагогикалык жамаат менен бирдикте ишке ашырат.
- Педагогикалык кызматкерлененинин окуу планын жана билим берүү программаларын аткаруу боюнча усулдук ишин камсыз кылып, тескейт.
- Окуучуларды окутуунун жана тарбиялоонун жаңы технологияларын киргизүүнү камсыз кылат жана анализ жүргүзөт.
- Бүтүрүүчүлөрдүн мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациясын жана окуучулардын көчүрүү сыноолорун өткөрүүнү уюштурат.
- Мектептин маалыматтык блогунун (отчеттук документацияны өз убагында түзүүнү камсыз кылуучу класстардын тизмелерин, окуучулардын өздүк делолору,класстык журналдар ж.б.мектептик документациялар) абалына жана толтурулушуна жооп берет.
- Окуучулардын билим сапатын жана жүрүм-турумун көзөмөлдөйт, окуу сабактыранын жүгүртмөлөрүн түзүүнү жана окутуу-тарбиялоо ишкердүүлүгүн ар кандай түрлөрүн жүргүзүүнү пландаштырат.
- Окутуу-тарбиялоо процессин өнүктүрүү жана окуучулардын билимин обьективдүү баалоо боюнча сунуштарды киргизет жана аларды ишке ашырат.
- Педагогикалык кеңешинин чогулуштарына , усулдук семинарларга ж.б. активдүү катышат.
- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик символикалык, «Манас» эпосунда,ошондой эле кыргыз жана республикада жашаган башка улуттардын жакшы каада-салттарында аныкталган негизги принциптерине ылайык окуучуларды атуулдук жана адеп-ахлактуу тарбиялоо ишин уюштуруу.
- Мектептин окутуу-тарбиялоо чөйрөсүнүн абалына байкоо жүргүзүп,коллегалардын жана окуучулардын арасында жүрүм-турумдук ченемдерди тутууну көзөмөлдөйт.
- Педагогикалык кызматкерлерди жайгаштырууга катышып , алардын дастыктарын жана кесиптик чеберчилигин жогорулатууну уюштуруу.
- Педагогикалык жактан негизделген жана социалдык жактан аныкталган класстан тышкаркы жана мектептен тышкаркы окуучуларды тарбиялоо ишинин аткарылышын көзөмөлдөйт.
- Педагогикалык кызматкерлерге окуучулардын өзүн-өзү башкарууларына жана коомдук уюмдарга билим берүү маданий жана ден соолукту чыңдоо иш чараларды өткөрүүгө усулдук жана уюшутурууучулук жардам көрсөтөт жана окуу жылында окуучулардын контингентин толуктоо жана сактоо боюнча иш чараларды кабыл алат.
- Окуучулардын медициналык жактан тейлөөнүн абалы, балалыкты коргоонун, жашы жетпегендердин укуктарын жана кызыкчылыктарын сактоону камсыз кылат.
- Окутуу-тарбиялоо иш чараларын бирдиктүү жүргүзүү үчүн ата-энелер (мыйзамдуу өкүлдөр) коомчулук, мекемелер менен байланыш түзөт.

Окуу бөлүмүнүн башчысы: [подпись] Калчаева .Ф.К